КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2025 – жылдын 31-марты № 7/28**

**Кызыл-Кыя шаардык кенешинин 2025-жылдын 13-февралындагы №5/17 "Кызыл-Кыя шаарынын Султанов көчөсүнүн №1 дарегиндеги Кызыл-Кыя шаардык ички иштер бөлүмү жайгашкан имаратты жана Кызыл-Кыя шаарынын А.Кыпчаков көчөсүндө жайгашкан 176 чарчы метр жер тилкесин (Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын 2024-жылдын 08-апрелиндеги №112 токтому менен милициянын участкалык таяныч пунктун куруу үчүн бөлүнүп берилген) муниципалдык менчиктен Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин балансына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени карап жана талкуулап чыгып, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылды 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине негиз, шаардык кенештин Коммуналдык обьектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуштар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2025-жылдын 28-мартындагы №6 протоколун эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кызыл-Кыя шаардык кенешинин 2025-жылдын 13-февралындагы №5/17 токтомунун 1-пунктуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип төмөнкүдөй окулсун: "Кызыл-Кыя шаарынын А.Султанов көчөсүнүн-2а дарегиндеги Кызыл-Кыя шаардык ички иштер бөлүмү жайгашкан имараты 4186 чарчы метр жер тилкеси менен жана Кызыл-Кыя шаарынын А.Кыпчаков көчөсүндө жайгашкан 176 чарчы метр жер тилкесин (Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын 2024-жылдын 08-апрелиндеги №112 токтому менен милициянын участкалык таяныч пунктун куруу үчүн бөлүнүп берилген) муниципалдык менчиктен Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин балансына өткөрүүгө макулдук берилсин".
2. Кызыл-Кыя шаардык кенешинин 2025-жылдын 13-февралындагы №5/17 токтомунун 2-пунктуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип төмөнкүдөй окулсун: "Кызыл-Кыя шаарынын А.Султанов көчөсүнүн-2а дарегиндеги Кызыл-Кыя шаардык ички иштер бөлүмү жайгашкан имараты 4186 чарчы метр жер тилкеси менен жана Кызыл-Кыя шаарынын А.Кыпчаков көчөсүндө жайгашкан 176 чарчы метр жер тилкесин (Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын 2024-жылдын 08-апрелиндеги №112 токтому менен милициянын участкалык таяныч пунктун куруу үчүн бөлүнүп берилген) муниципалдык менчиктен Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин балансына өткөрүүдө тиешелүү документтерди даярдоо жагы шаардын мэри А. Маткалыковго жүктөлсүн".
3. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөлдүк кылуу жагы Кызыл-Кыя шаардык Коммуналдык обьектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуштар маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж.Аматов**